Педагогикалык кеңеш
тарабынан кабыл алынган
Буйрук №49
«29» 08 2022 ж

БЕКИТЕМ
Мектеп жетекчиси
________ Токтогулова У.А.
«30» 08 2022

**К.Абдыразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектеби-мекемесинин**

**билим берүүнүн сапатынын мониторинги жөнүндө**
**ЖОБОСУ**

1. Жалпы жоболор.

Ушул жобо Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамына ылайык иштелип чыккан. Өкмөттүн токтому менен типтүү билим берүү мекемеси жөнүндө жобонун негизинде жалпы билим берүүчү Өмүрзак Израилов атындагы орто мектебинин мектеп жетекчилиги тарабынан билим сапатына мониторинг жүргүзүлөт.

2. Бул жобо мектептеги билим берүүнүн сапатын мониторингдөөнүн (мындан ары-мониторинг) бирдиктүү талаптарын белгилейт.

3. Жобо, ошондой эле ага толуктоолор жана өзгөртүүлөр мектептин педагогикалык кеңешинин чечиминин негизинде жетекчинин буйругу менен бекитилет.

4. Билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө тутуму баалоо тутумунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана билим берүүнүн сапаты билим берүү мекемесинин ишмердүүлүгүн маалыматтык камсыздоо катары кызмат кылат.

5. Ушул жободо төмөнкүдөй терминдер колдонулат:

Мониторинг - билим берүү процессии, натыйжаларды тутумдуу көзөмөлдөө, анын өнүгүшүнүн шайкештигин (же туура келбестигин) аныктоо үчүн иш аракети.

Билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө тутуму - билим берүү тутуму жанан анын айрым элементтери жөнүндө маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу, талдоо, жайылтуу тутуму, билим сапатын башкарууну маалыматтык камсыз кылууга багытталган.

Билим берүүнүн сапаты — билим берүү тутумунун ажырагыс мүнөздөмөсү, натыйжалардын ченемдик талаптарга, социалдык жана жеке күтүүлөргө шайкештигинин денгээлин чагылдырат.

2. Мониторингдин максаты жана милдеттери.

2.1. Мониторингдин максаты- тенденцияны аныктоо үчүн мектептин билим берүү тутумунун абалы жана анын иштешинин негизги көрсөткүчтөрү жөнүндө маалыматтарды чогултуу, жалпылоо, талдоо. Билим берүү тутумун өнүктүрүү, сапаттуу билимге жетишүү үчүн башкаруучулук сапатын бекемдөө.

2.2. Бул максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттер чечилет:

- билим берүү тутумунун абалы жөнүндө маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана сактоо боюнча бирдиктүү тутумдун механизмин калыптандыруу;
- мониторингдин бардык катышуучуларынын иш-аракеттерин координациялоо: билим берүү тутумунун өнүгүү динамикасын жана негизги тенденцияларын өз убагында аныктоо;
- билим сапатына таасир этүүчү факторлорду аныктоо, иш-аракеттерди минималдаштыруу жана терс кесепеттерин жоюу боюнча чараларды көрүү;
- алынган маалыматтарды талдоонун негизинде билим берүү тутумун өнүктүрүүнүн негизги стратегиялык багыттарын иштеп чыгуу.

2.3. Мониторинг өткөрүүнүн негизги аспектилери:

- натыйжанын сапаты
- шарттардын сапаты (программалык-методикалык, материалдык-техникалык, кадрдык, маалыматтык-техникалык, уюштуруучулук ж.б.);
- процесстин сапаты.

2.4. Мониторингдин багыттары мектептин өткөн окуу жылындагы ишинин жыйынтыгы боюнча билим сапатынын баалаган аспектисинин негизинде аныкталат.

2.5. Билим берүүнүн сапаттуу иштешинин негизги принциптери: объективдуулук, тактык, толуктук, жетиштүүлүк, тутумдаштыруу, жалпылоо.

2.6. Мониторингдин колдонуучулары- билим берүү мекемелеринин жетекчилиги, мугалимдер,окуучулар жана алардын ата-энелери ж.б.

3. Мониторингди уюштуруу

3.1. Мониторингдин жол-жобосун негизги план жана циклограмма менен жүзөгө ашырылат. Мониторингдин формасын, багыттарын, мөөнөттөрүн жана тартибин жооптуу аткаруучулар аныктайт.анын негизинде жылдык же жарым жылдык мониторинг циклы түзүлөт, ал мектептин жетекчисинин буйругу менен бекитилет жана милдеттүү түрдө аткарылат.

3.2. Мониторинг эки формада жүргүзүлөт: үзгүлтүксүз мониторинг жана мезгил-мезгили менен болгон мониторинг.

3.3. Мониторинг мектептин бардык деңгээлдеринде өз ара аракеттенүүнү талап кылат.

3.4. Мониторинг жүргүзүү үчүн жооптуу адамдар дайындалат, алардын курамы мектеп жетекчисинин буйругу менен бекилет. Курамына мектептин жетекчилиги, УБнин жетекчилери жана мугалимдер кирет.

4. Мониторингди жүзөгө ашыруу

4.1. Мониторингди жүзөгө ашыруу төмөнкү иш-аракеттердин ырааттуулугун болжолдойт.

- мониторинг объектисин аныктоо жана негиздөө;
- мониторинг жүргүзүү учун колдонулган маалыматтарды чогултуу;
- маалыматты сактоону жана ыкчам пайдаланууну камсыз кылган маалымат базаларын түзүү;
- мониторинг жүргүзүү учурунда алынган маалыматтарды иштеп чыгуу,
- мониторинг жүрүшүндө алынган маалыматтарды талдоо жана чечмелөө,
- алынган маалыматтарды талдоонун негизинде документтерди даярдоо,
- мониторинг колдонуучулардын арасында мониторингдин натыйжаларын жайылтуу.

4.2. Мониторингде колдонулган өлчөө процедурасы объектинин сапаттык мүнөздөмөлөрүн аныктоого багытталган.

4.3. Билим берүү тутумуна сапаттык баа беруунун негизги инструменттери - убакыттын өтүшү менен мүнөздөмөлөрдүн өзгөрүүсүн талдоо..

5. Мониторингдин методдору

- эксперттик баалоо
- тестирлөө, суроо, рейтинг
- маалыматты аналитикалык жана статистикалык иштетүү,
- байкоо жүргүзүү, суроо берүү.

6. Негизги багыттар:

6.1. Мониторингдин негизи түрлөрү:

- башталгыч класстын окуучулары тарабынан базалык билимди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн жалпы денгээлин баалоо;
- 9-класстын бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик аттестациялоонун негизинде билим сапатына мониторинг жүргүзүү;
- 11 -класстын бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик аттестациялоонун негизинде билим сапатына мониторинг жүргүзүү;
- ар бир окуу предмети боюнча жалпы билим берүүнүн бардык баскычтарында жана окуу жылынын аягында окуучулардын билим жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү;
- мектеп жетекчилиги тарабынан сабакты берүүнүн денгээлине жана сапатына байкоо жүргүзүү;

- берилген теманы, окуу предметин окутуунун сапатын көзөмөлдөө.

6.2 Алынган мониторинг маалыматтарын талдоонун натыйжалары боюнча, тиешелүү документтер даярдалат алар мектептин мугалимдер жамаатына, жетекчилигине жана ата-энелерге жеткирилет.

6.3. Мониторингдин натыйжалары жетекчиликтин чечимдерин кабыл алуу үчүн негиз болуп саналат.